**ФИЗИКА 8 КЛАСС**

**ОКУТУУ КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ ЖҮРГҮЗҮЛГӨН МЕКТЕПТЕР ҮЧҮН ВАРИАНТ 2**

**№ 1.** Төмөндө келтирилген касиеттердин кайсынысы суюктуктарга тиешелүү?
1. белгилүү көлөмгө ээ эмес
2. өзү турган идиштин бүт көлөмүн ээлейт
3. идиштин формасын алат
4. аз кысылат
5. көп кысылат

а) 1,5
б) 3, 4
в) 2
г) 1, 4

**№ 2.** Берилген график кайсы процесске туура келет?




а) изобаралык
б) изотермалык
в) изохоралык
г) адиабаттык

**№ 3.** Ысуу учурунда зат катуу абалынан суюк абалга, андан соң газ абалына өтөт.Графикте заттын температурасынын убакыттан болгон көз карандылыгы берилген. Графиктин кайсы бөлүгү заттын эрүү процессине туура келет.




а) 4–5
б) 3–4
в) 1–2
г) 2–3

**№ 4.** 0° С муздун жаракасыбы же андан алынган 0 ° С температурада суубу, кайсынысы көбүрөөк ички энергияга ээ болот?
а) суу
б) бирдей эле
в) муз

**№ 5.** 600 г металлды $10^0$C ден $60^0$C чейин ысытуу үчүн 13,8 кДж жылуулук саны талап кылынды. Металлдын салыштырма жылуулук сыйымдуулугу кандай?
а) 380
б) 460
в) 130
г) 210

**№ 6.** Кышында бош бөтөлкөнүн оозун пробка менен бекитип көчөдөн жылуу бөлмөгө алып келишти. Бир аз убакыт өткөндөн кийин пробка ыргып кетет. Туура аныктаманы тандагыла.
а) бөлмөгө алып киргенде бөтөлкөдөгү абанын ички энергиясы өзгөргөн жок
б) пробка ыргып кеткенде абанын ички энергиясынын бир бөлүгү пробканын кинетикалык энергиясына айланды
в) пробка ыргып кеткенде бөтөлкөдөгү абанын ички энергиясы өзгөргөн жок
г) бөлмөгө алып киргенде бөтөлкөдөгү абанын ички энергиясы азайды

**№ 7.** Коргошундун эрүү температурасы 327 $^0C$ . Коргошундун катуулануу температурасы канча?
а) ал 127 $^0C$ ге барабар
б) ал 327 $^0C$ ге барабар
в) ал эрүү температурасынан төмөн
г) ал эрүү температурасынан жогору

**№ 8.** Гелийди 12 К ге изобаралык ысытууда көлөмү, баштапкы көлөмүнөн 5% ке чоңойду. Гелийдин баштапкы температурасы канча болгон?
а) 120
б) 180
в) 240
г) 300

**№ 9.** Массасы 2 т болот жаздыкчага, массасы 10 кг балка 3 м бийиктиктен түшөт. Эгерде балканын энергиясынын 50 % болот жаздыкчанын ысышына кетсе, ал канча градуска ысыган? Болоттун салыштырма жылуулук сыйымдуулугу 460 Дж/кг·К.
а) $19,0^0$
б) $6,4\ ^0$
в) $3,2^0$
г) $12,8\ ^0$

**№ 10.** $100^0$C температурадагы 0,5 кг суу буусу конденсацияланганда бөлүнүп чыккан жылуулук саны, $0^0$C дагы канча музду эритет жана аны муздатып $0^0$C сууга айландырат? Буу пайда болуунун салыштырма жылуулугу 2300 кДж/кг, суунун салыштырма жылуулук сыйымдуулуугу 4200кДж/кг$^0$C, муздун эрүү салыштырма жылуулугу 330 кДж/кг.
а) 2,05
б) 6,2
в) 7,5
г) 4,1